# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛИКТЕРИНИН, МАМЛЕКЕТТИК КОМИТЕТТЕРИНИН ЖАНА АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК ВЕДОМСТВОЛОРДУН ЖЕТЕКЧИЛЕРИ

Кыргыз Республикасынын министрликтери, мамлекеттик комитеттери жана административдик ведомстволору Жарандык коргонуу жаатындагы маселелерди чечүү үчүн өздөрүнө бөлүнгөн акча каражаттарынын жана штаттык санын чегинде бөлүмдөрдү (адистерди) түзөт.

Кыргыз Республикасынын министрликтери, мамлекеттик комитеттери жана административдик ведомстволорунун жетекчилиги:

**Милдетүү:**

1) Жарандык коргонуу боюнча жарандык коргонуу пландарын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга, аларды Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашууга;

2) бардык деңгээлдерде жана бардык түзүмдүк бөлүмдөрдө Жарандык коргонуу боюнча комиссияларды түзүүгө, алардын курамын, милдеттерин аныктоого жана алардын ишин координациялоого;

3) тынчтык жана согуш мезгилинде Жарандык коргонуу иштерин жүргүзүү үчүн зарыл болгон күчтөрдү жана каражаттарды даярдоону ишке ашырууга, жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен өз ара аракеттенүүдө өзгөчө кырдаалдар коркунучу болгондо жана пайда болгондо иш-аракеттердин эрежелерине кызматкерлерди окутууга;

4) өзгөчө кырдаалдарда тармактын ишинин туруктуулугун жогорулатуу боюнча уюштуруу жана инженердик-техникалык иш-чараларды иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга;

5) радиациялык, химиялык, медициналык-биологиялык, жарылуу, өрт, экологиялык коопсуздукту, сууда коопсуздукту камсыз кылуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгууну жана ишке ашырууну, ошондой эле Жарандык коргонуунун инженердик-техникалык иш-чараларын аткарууда өндүрүштүк жана социалдык багыттагы объекттерди долбоорлоодо, курууда жана пайдаланууда нормаларды жана эрежелерди сактоону камсыз кылууга;

6) өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана өзгөчө кырдаалдарда авариялык-куткаруу жана башка кечиктирилгис иштерди жүргүзүү боюнча чараларды республикалык бюджеттин жана өздүк каражаттардын эсебинен каржылоону караштыруу;

7) тынч жана согуш мезгилинде экономиканын туруктуу иштеши үчүн зарыл болгон объекттерди сактоого жана калкты коргоого багытталган чараларды жүзөгө ашырууга;

8) Жарандык коргонууну башкаруунун техникалык системаларын түзүүгө жана дайыма даяр абалда кармап турууга;

9) тынчтык убакта жарандык коргонуу максатында материалдык-техникалык, азык-түлүк, медициналык жана жеке коргонуу каражаттарынын корлорун түзүүгө жана кармоого, алардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет;

10) профилдик чөйрөдө табигый жана техногендик процесстерге мониторинг жүргүзүү, божомолдоо боюнча ишти жүзөгө ашырууга;

11) ведомстволукобъекттердепайдаболгонөзгөчөкырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча чараларды көрүүгө;

12) өзгөчө кырдаалдарда уюмдардын кызматкерлерин коргоо, уюмдардын ишинин туруктуулугун жана коопсуздугун жогорулатуу маселелерин чечүүдө методикалык жетекчиликти ишке ашырууга;

13) өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана жоюу, уюмдардын кызматкерлерин жана калкты коргоо маселелери боюнча тармактык талаптарды, ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууга жана уюмдарга билдирүүгө.

**Билиши керек:**

1. Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана жоюу боюнча иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча ченемдик укуктук документтердин, радиациялык, өрт коопсуздугунун жана суу объектилеринде адамдардын коопсуздугунун эрежелеринин талаптары;

2. Жарандык коргонуунун түзүмү жана милдеттери, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана жоюу боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана пландаштыруу методикасы;

3. Жарандык коргонуу күчтөрүнүн курамы, милдеттери, мүмкүнчүлүктөрү жана колдонуу тартиби, ошондой эле алардын туруктуу даярдыгын камсыз кылуу боюнча иш-чараларды уюштуруу;

4. Өзгөчө кырдаалдардын түрлөрү, алардын пайда болушунун себептери, негизги мүнөздөмөлөрү, региондогу жана аймактагы экологиялык жана техногендик кырдаалдын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү;

5. Жарандык коргонуу максатында финансылык, материалдык-техникалык, азык-түлүк, медициналык жана башка каражаттардын запастарын түзүү тартиби, алардын көлөмү, күтүү жана толуктоо шарттары;

6. Аймактык жана объекттик башкаруу органдары менен Жарандык коргонуу күчтөрүнүн ортосундагы өз ара аракеттенүүнү уюштуруу жана тартиби;

7. Тынчтык жана согуш мезгилинде өзгөчө кырдаалдарды жоюуда авариялык-куткаруу жана башка кечиктирилгис иштерди уюштуруу жана өткөрүү тартиби;

8. Калк арасында Жарандык коргонуу жаатында билимди пропагандалоону уюштуруу, формалары жана ыкмалары;

9. Атайын жана санитардык тазалоону, дозиметриялык жана химиялык контролду жүргүзүү тартиби;

10. Жарандык коргонуунун башкаруу органдарынын ишин уюштуруу маселелери, Жарандык коргонуунун ар кандай иштөө режимдеринде жана даярдык даражаларында аларды жабдуу жана даярдоо мөөнөттөрү;

11. Башкаруу, байланыш жана кабарлоо системаларын түзүүнүн жана анын иштешинин, нөөмөттүк-диспетчердик кызматтын ишинин принциптери;

12. Жарандык коргонуунун милдеттерин чечүү үчүн тартылган Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн, башка аскердик түзүлүштөрдүн бөлүктөрү жана бөлүкчөлөрү менен өз ара аракеттенүүнү уюштуруу;

13. Өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга, алардан келтирилген зыянды азайтууга, калкты коргоого багытталган мамлекеттик жана аймактык максаттуу программаларды ишке ашыруу тартиби.

**Аткара билиши керек:**

1. Жарандык коргонуу жаатында уюштуруу документтерин иштеп чыгуу;

2. Ээлеген кызмат ордунун көлөмүндө кырдаалды талдоо, баалоо жана Жарандык коргонуу жаатындагы чечимдерди кабыл алуу;

3. Авариялык-куткаруу жана башка кечиктирилгис иштерди жүргүзүүнү уюштурууга, иштерди аткарууда баш ийген күчтөрдү башкарууга;

4. Суу объекттеринде радиациялык, өрт коопсуздугунун жана адамдардын коопсуздугунун эрежелерин ишке ашыруу боюнча иш-чараларды өткөрүү тартибин камсыз кылуу;

5. Калкка баш калкалоочу жайларды, жеке коргонуу каражаттарын берүү, калкты, материалдык жана маданий баалуулуктарды коопсуз райондорго эвакуациялоо, жабыр тарткан калкты, биринчи кезекте камсыз кылуу боюнча иш-чараларды өткөрүүнү уюштуруу;

6. Коркунучтуу өндүрүш тутумдарын жана объекттерин коопсуз пайдаланууну уюштуруу жана жүзөгө ашыруу;

7. Баш ийген башкаруу органдарын, кызмат адамдарын, Жарандык коргонуу түзүмдөрүн даярдоону уюштуруу жана жүргүзүү, ошондой эле калкты Жарандык коргонуу жаатында окутуу;

8. Жарандык коргонуу жаатында мобилизациялык пландын тапшырмаларын аткаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

9. ЖКМТнын бардык иштөө режимдеринде өз убагын-да чечим кабыл алуу жана ыкчам иш-чараларды жүргүзүү..

10. Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана жоюу учурунда жогорку башкаруу органдары менен натыйжалуу өз ара аракеттенүү.

Республикалык деңгээлинде төмөнкү
Пландар иштелип чыгып ишке ашырылат:

1. ЖКну киргизүүгө даярдыктын жана киргизүүнүн тартиби.
2. Ушул жылга ЖКнун даярдык Планы.
3. ЖКнун тынчтык мезгилге Планы, тиркемелери менен.
4. Табийгый жана техногендик ӨКдан эвакуациялоо Планы, тиркемелери менен.
5. ЖК кмиссияларынын иштөө Планы.
6. Окуу материалдык базаны түзүү жана өнүктүрүү Планы.
7. Жаны окуу жылына адистерди окутуу Планы.
8. ЖК боюнча жыл ичинде пропагандалоонун Планы.
9. ЖКнун комиссия мүчөлөрү менен жыл ичинде окутуу Планы.
10. Түзүмдөрдү даярдыкка келтирүү Планы.
11. Баш коргоочуларды кабыл алууга коргоочу курулмаларды даярдыкка келтирүү Планы.

Республикалык денгээлинде
ЖК башчысынын
төмөнкү Буйруктары даярдалып кол коюлат:

1. ЖК жетекчисинин жарандык коргонууну уюштуруу жана жүргүзүү жана ЖК багытында кызмат адамдарын бекитүү, тиркемелери менен буйругу.
2. ЖКнун өткөн жылдагы даярдыктын жыйынтыгы, абалы жана калкты коргоонун абалы жана жаңы жылга милдеттери жөнүндө ЖК башчысынын Буйругу.
3. ЖК багытында иш чараларды уюштуруу жана ӨК алдын алууга ЖК башчысынын Буйругу.
4. ЖК комиссиясын түзүү буйругу.
5. Эвакуация комиссиясын түзүү буйругу.
6. ЖКнун башчысынын аймактык түзүмдөрдү түзүүгө Буйругу.
7. Объектинин кызматкерлерин ЖКну боюнча жана табийгый жана техногендик ӨКда аракеттери жонүндө окутууну уюштуруу Буйругу.
8. ЖКнун башчысынын өзгөчө кырдаалдар учурунда финансылык жана материалдык резервдерин түзүү жөнүндө Буйругу.